# ӨМҮРГӨ АЛЫП БАРЧУ БАСКЫЧТАР

**Элмер Мердок**



## Кудай - мээримдүү. Ал сени сүйөт жана сага жакын болгусу келет.

*Бирок сен дагы эле Кудайдан алыссың. Көңүлүңдүн борборунда эмнелер турат болду экен?*




Таптакыр башка нерселерге алек болуп, Кудай жөнүндө ойлонууңа чолооң да, чамаң да жок өңдөнөт. Андай болсо, колуңдагы ушул китепчени окуп көр. Ким билет, ал аркылуу Кудай сага бир нерсе айткысы бардыр.

Бул китепчедеги Ыйык Китеп аяттарынын баары "Үмүт нуру" уюму басып чыккан котормодон алынды. "Үмүт нуру" боорукерлик өкүлдүгү. Бишкек. 2001 © Copyright 1989

## Кудай жөнүндө сенин бир аз болсо да кабырың бар чыгар. Ошентсе да, мынабу орчундуу үч чындыкты дагы бир сыйра ойлонуп коюш ашыктык кылбайт.

... Кудайга бардыгы маалым. Эмнелер сен үчүн эң зарыл болорун, эмнелер жакшылык алып келерин Ал билет.
... Кудай - ыйык. Ал күнөөнү жек көрөт да сөзсүз жазалайт.
... Кудай - ырайымдуу. Ыйса Машайак айкаш жыгачка кадалып, күнөөңдүн кунун Өз өлүмү менен төлөгөн үчүн Ал сени жазалабастан кечире алат. ***Ыйык Китепте айтылгандай, "(адамдын) кылмыштарын айыпка койбогон Сендей Кудай барбы?"***[1]

Ыйса Машайак - бул Кудайга алып баруучу бирден бир жол. Ал мындай деген: ***"Жол, чындык жана өмүр Менмин. Мен аркылуу болбосо, Атама эч ким келе албайт."***[2]

Айтчы, сен өзүңө мындай суроо берип көрдүң беле...

## "Жашоонун эң бийик максаты эмнеде?"

Кээ бирөөлөр үчүн эң бийик максат - бул үй-бүлө күтүү, бактылуу болуу, жакшы жашоо, ой-тилегине жетүү. Ырас, мунун баары жакшы. Бирок Ыйык Китепте эң жогорку максат - Кудайдан кечирим алуу деп айтылат. Ушуну ойлонуп көрсөң! Сенде Кудайды жакын таанып, Анын досу болууга мүмкүнчүлүк бар.

*“Ал түбөлүк өмүр - жалгыз чыныгы Кудай Сени жана Өзүң жиберген Ыйса Машайакты таануу”.* [3]

## Өз ырайымында Кудай сага жакшылык тилеп:

- Күнөөңдүн баарын кечирүүнү
- Жашооңду маани-маңыздуу кылууну
- Бул дүйнөдөн өткөнүңдө, бейишинен орун берүүнү каалайт.

Ыйса Машайакты Кудайың катары таанып, Ага баш ийсең, баары дал ошондой болот. Ал эми Кудайдын тартуулап жаткан ырайымы менен сүйүүсүнөн баш тартсаң, анда өзүңдү Кудайдан жогору койгон болуп, Анын каарына калтырасың.[4] Сен өз тагдырыңа өзүң ээ болгуң келет.

Ошентип, өмүрүңдөгү эң маанилүү суроо - бул:

## СЕНИН ЖАШООҢДУ КИМ БАШКАРАТ?

Сен өзүңбү же Ыйса Машайакпы**?** Бул суроонун жообун тапкың келсе, анда кийинки беттерде жазылгандарды окуп чык.

# АР БИР АДАМ ӨЗ ЖАШООСУНДА ТӨМӨНКҮДӨЙ БЕШ БАСКЫЧТЫН БИРИНДЕ ТУРАТ.

Сен Кудайга канчалык жакынсың**?** Муну өзүңдүн эле Ага кандай мамиле кылганыңды карап билсе болот. Төмөн жакта Кудайга болгон беш башка мамиле тепкичтин беш "баскычына" окшоштурулуп көрсөтүлгөн. Чындыкты издеген жаш жигит менен сүйлөшүп жатканда, Ыйса ага: "***Сен Кудайдын Падышачылыгынан алыс эмессиң***", [5] - деген болчу.




***Сен бул баскычтардын кайсынысындасың?***

## Кош көңүлдүк

Ыйса жөнүндө жана Ал аркылуу келген куткарылуу жөнүндө уккан-билгениң абдан көп да, өтө аз да болушу мүмкүн. Бирок көп аздыр-көптүр кабардар болгонуңда эмес. Көптин баары сенин бул маселеге көңүл кош караганыңда. Ырас, Кудайга кош көңүл караганыңдан улам сен Аны таанып-билбеген бойдон кала бересиң. Бирок сенин кош көңүлдүгүң Анын сен үчүн кам көрүүсүнө тоскоол боло албайт. Анткени ***"Машайак... биз күнөөкөр кезде биз үчүн өлдү. Бул аркылуу Кудай Өзүнүн бизге болгон сүйүүсүн далилдеди"***. [6]



# Кызыгуу

Сен өзүңдүн жан-дүйнөң эмнеге муктаж экенин билип, рухий керектөөлөрүңдүн канааттандырылышын каалайсың.

Балким, өлүм, ажырашуу, ишсиз калуу, дарт же кайсы бир досуң сага оор, жагымсыз таасир тийгизип, ошондон улам жашооң өз кызыгын жоготконсуп, ичиң каңгырап бош болгонсуп, рухий кемчиликтериң бар болгонуна көзүң жетип тургандыр. Бул рухий боштук - Ыйса Машайак менен жакын, жеке мамилең болбогондуктун натыйжасы.
Эгебиз мындай деген: ***"Мени издеп табасыңар, эгерде Мени чын жүрөктөн издесеңер, табасыңар"***. [7]




***Сен ушул баскычтасыңбы? Кудайга болгон чыныгы кызыгуу сени кийнки баскычка алып келиши мүмкүн...***

## Ынануу

Ыйык Рух сага күнөөңдү, жашооңдун чыныгы мааниси жок экенин көрсөтүп, ошондон улам жаның жай таппай, жүрөгүңдөн күнөөлүү сезим орун алды.

"Жакшылык кылуу" же "колуңдан келгенин жасоо" аркылуу бейишке барам деген үмүтүң барбы**?** Өзүңө мындай суроо берип көрчү: "Мен Кудайдын талабына жооп бергенчелик жакшымынбы**?** Ойлогон оюмда, айткан сөзүмдө жана кылган ишимде мен Кудайдын осуяттарын бирин да калтырбай, толук аткардымбы**?**" Эгерде ошондой ойдо болсоң, анда өз такыбаалыгың менен эле бейишке жол камдап койгон болуп жүрбө**?** Бирок чындыгында "[8] ... ***мыйзамды (кандайдыр эреже-парыздарды) аткаруу менен Анын алдында бир да адам акталбайт. Себеби күнөөнүн күнөө экендиги мыйзам аркылуу билинет***". [9]

**Өзүңдүн канчалык жакшы, такыбаа экениңди билиш үчүн, Кудайдын ОН ОСУЯТЫН окуп, өзүңдү такыбаалык сыноосунан өткөрүп көрчү.**

*Менден башка кудайларың болбосун.*
*Жасалма кудай жасаба.*
*Кудай-Теңириңдин атын курулай эле айта бербе.*
*Ишемби күндү ыйык тутуп, эсиңден чыгарба.*
*Ата-энеңди сыйла (алардын тилин ал).*
*Киши өлтүрбө.*
*Ойноштук кылба.*
*Уурдаба.*
*Жакыныңа жалаа жаппа.*
*Жакыныңдын эч нерсесине көз артпа .*[10]

Сыноонун натыйжасы кандай болду**?** Өтүш үчүн сен осуяттарды 100% аткарышың керек. Кудай өйдө-төмөн баа койбойт. [11] Ыйык Китепте айтылгандай, бир эле осуятты бузсаң, анда ишиң болбоду дей бер. Кудайдын Мыйзамы үйлөнмө шар сыяктуу. Кичинекей эле тешик аны биротоло ойрон кылат.




***Сен ушул баскычтасыңбы? Бекем ынаным сени эмки баскычты карай жетелей алат...***

## Эми төмөнкүдөй өтө маанилүү суроолор тууурасында ойлонуп көр:

1. Кудай Мыйзамындагы тигил же бул осуятты бузуп күнөө кетирдиң беле**?** ❑ Ооба ❑ Жок
2. Күнөө кылганыңа жаның кейиди беле**?** ❑ Ооба ❑ Жок
3. Канчалык кейидиң эле**?** ❑ Бир аз ❑ Бир топ
   ❑ Эптеп, күнөөдөн арылуунун жолун издегенчекти

# ТОБО КЫЛУУ

Акыл-оюң менен жан-дилиң кыйла өзгөрүптүр. Анткени сен билген күнөөнүн баарынан арылып, Кудайга көз каранды болбой жашоо укугуңдан баш тартууну ойлонуп жатасың.

Тобо кылуу... өз жашооңдун тагынан өзүңдү түшүрүп, ошол орунду Ыйса Машайакка берүүнү билдирет. Ал буга толук укуктуу.

Тобо кылуу... - бул мурдагы жашоого аркаңды салып, рухий жактан кескин өзгөрүү. Ансыз ишенимге келүү мүмкүн эмес.

Тобо кылуу... бул жөн эле кылган күнөөңө өкүнүү эмес. Ырас, тобо кылган адам күнөөсүнө өкүнүүгө тийиш. Бирок өкүнүп туруп, тобо кылбай коюу да мүмкүн. Көп адамдар күнөөнүн өзүнө эмес, тек гана анын алып келген кесепетине өкүнүшөт. *"**Кудайга жаккан кайгы өкүндүрбөйт, тескерисинче, күнөөнү сезип өкүнүү куткарылууга алып келет, ал эми дүйнөнүкүндөй кайгы өлүмгө дуушар кылат**"*. [12]

Тобо кылуу... бул жөн эле күнөө кылуудан баш тартуу эмес. Кээ бир адамдардын тигил же бул күнөөлөрдү кылбаганы жеке себептери (ден соолугу, кадыр-баркы, үй-бүлөсү, бизнеси ж.б.) менен гана шартталып, күнөөлүү иштери Кудайга жакпаганын алар ойлоп деле коюшпайт.

Тобо кылуу... Жаңы Келишимде 55 жолу эскертилет.

Ыйса Өзү мындай деген: ***"Эгерде тобо кылбасаңар, бардыгыңар ошолорго окшоп өлөсүңөр."*** [13]

## Демек, тобо кылуу канчалык маанилүү экен?




# ЫЙСА ТЕҢИРГЕ ИШЕНИП КУТКАРЫЛУУ

Сен өзүңдү толугу менен Теңирибиз Ыйса Машайакка тапшырууга жана Анын берген осуят-парыздарына баш ийүүгө даяр болуп калдың.

Ошентип мындан ары жан-дилиңе сен өзүң эмес, Теңирибиз Ыйса Машайак ээ болуп калды. Бул - эң чоң өзгөрүү. Ыйык Китепте жазылгандай, Машайак баарынан жогору тургандыктан жана куткарылышың үчүн Өз өмүрүн курмандыкка бергендиктен, Ал эми сен үчүн ишиңден да, үй бүлөңдөн да, акчаңдан да, келечектеги иш пландарыңдан да, ал турсун өмүрүңдөн да маанилүү болушу керек. [14]

Ыйса Өзү кимде ким Анын шакирти болгусу келсе,[15] ал Теңирин өз атасы менен энесинен, аялы менен балдарынан, бир туугандарынан, атүгүл өз жанынан

артык көрүшү керек деп айткан. Андай болбосо, эч ким Ыйсанын шакирти боло албайт.

Өз эркиң менен ушул жолго түшкөнүңдө, Кудай ичиңе Өз Рухун салып берет да, сен кайрадан, жогорудан туулуп, Кудай үй-бүлөсүнө мүчө болуп каласың. Ал эми - сенин Кудайың. Ал бардык учурда жанында болуп, өмүрүңдү бардык жагынан Өз эркине ылайык өзгөртөт.

Ыйык Китепте: "Теңир Ыйса Машайакка ишен, ошондо өзүң да, үйүңдөгүлөрүң да куткарылат, "[16] - деп жазылган.

Ыйык Китепте: "Ошентип, биз ишеним аркылуу акталып,Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кудай менен тынчтыкка ээбиз"[17] - деп жазылган.

Ыйса Машайактын сенин өмүрүңдөгү ээлиги Ага кайрылган учуруңдан башталып, ишенимиң өскөн сайын Анын катышы да өсө берет.




**Кудай сени ушул баскычка алып келсе, өзүңдү бүгүн эле Машайкка тапшыр...**

## Өз сөзүң менен эле Кудайга кайрылып сүйлөш...

Күнөөлөрүңдү мойнуңа ал. Алардын ар бирин атап чык: текебердик, алдамчылык, калп айтуу, бузуктук, ач көздүк, кечирбестик ж.б.

Күнөөлөрүңө өкүнүү менен тобо кылып жатканыңды - өзүң билген күнөөлөрүңдөн баш тартып, бардык күнөөнүн башаты, тамыры болгон өзүмчүлдүктөн бошонгун келгенин Кудайга айт.
Кудайга ишенгениңди - өзүңдү толугу менен Ага тапшырып, Ыйса Машайакты өз Теңириң жана Куткаруучуң катары таанып, өмүрүңөн орун алууга чакырып жатканыңды айт.

**Ал Өз сөзүнө бек туруп, сени кечирет да, өмүрүңө кирип, жан-дүйнөдү жаңыртат.**

Өзүңдү Кудайга тапшырганыңда, муну күчтүү сезимдер коштошу да, коштобошу да мүмкүн. Бул өзүңдүн эле кулк-мүнөзүң, турмуштук тажрыйбаң жана Кудайдын сага кылган жеке мамилесине байланыштуу болот. Бул анча маанилүү эмес. Маанилүүсү - өзүңдү Кудайга тапшырганың Ага жагуу ниетинен келип чыкканыңа ишенгениң. Сезимдер өтүп кетет, ал эми жан-дилиңдин Кудай менен түзүлгөн мамилеси өзгөрбөйгөн бойдон кала берет.

Теңирдин баласы болуп калганың жана ичиңдеги Ал берген жаңы өмүр үчүн Кудайга ыраазычылыгыңды билдир.

## Куткарылганыңды билүүнүн төрт негизи:

1 Сен Кудайдын тобо кылуу жана Ага ишенүү буйругуна моюн сундуң. Ал болсо ишенимдүү. Ал куткарам деген убадасын аткарат. "Кудайдын Уулуна ишенүү аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болгонуңарды билишиңер үчүн, мен муну силерге - Кудайдын Уулуна ишенгендерге жаздым." [18]

2 Куткарылганыңа сени Машайактын төгүлгөн курмандык каны ишендире алат. "Биз Ошол сүйүктүү Уулу аркылуу, Уулунун каны аркылуу куткарылып, күнөөлөрүбүз кечирилип жатат. Бул Анын мол ырайымы боюнча болуп жатат." [19]

3 Сен жашооңдогу жеке талаптарыңдын баарынан баш тартып, аны толугу менен Ыйса Машайакка тапшырдың да эң жогорку бийликти Ага бердиң. "Теңир Ыйса Машайакты кабыл алдыңар, эми Анын ичинде жашагыла." [20]

4 Кудай сенин жан-дүйнөңө - нак сенин рухуңа - Өзүнүн Ыйык Рухун салып, Кудайдын Руху – Ага таандык экениңдин кепилдиги. "Ошол Рухтун Өзү биздин рухубузга Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрүп жатат." [21]

## Ыйса Машайак менен болгон жаңы жашооңдо мындай алгачкы өзгөрүүлөр боло баштайт:

1. Кудайдын Сөзүн - Ыйык Китепти билүүнү каалоо. ***"жаңы төрөлгөн бала катары рухий таза сүттү сүйгүлө. Ал аркылуу өсүп, куткарылууга жеткиле."*** [22]

2. Ыйса Машайакка баш ийип жашоону каалоо. ***"Эгерде Мени сүйсөңөр, осуяттарымды аткаргыла."*** [23]

3. Күнөө кылуудан кыйналуу. Мындан ары биз күнөө кылганыбыздан ырахаттана албайбыз. ***"Теңир Өзүнө тиешелүүлөрдү билет" жана "Теңирдин ысымын оозуна алган ар бир адам адилетсиздиктен четтесин."*** [24]

4. Тозокко бараткандарга - тобо кылбай, Кудайды таанybай, Аны менен жеке мамилеси жокторго боор ачуу. ***"Ал (Кудай) эч кимдин өлүшүн каалабагандыктан, баардыгы Өзүнөн кечирим алыш үчүн, бизге көпкө чыдайт."*** [25]

Кошумча адабияттар, окутуу көрмө курсу, жетекчилер колдонмосу, ушул китепченин балдарга ылайыкташтырылган варианты жана башка тилдерде басылган варианттары боюнча төмөнкү дарекке кайрылсаң болот: АКШ (U.S.A.), Step Up To Life Ministries, 15555 W. Dodge Road, Omaha, NE 68154 Интернетеги http://www.stepuptolife.com

# Биздин чогулуштарга бул даректер боюнча келсең болот:

Бул жерден сен рухий темада аңгемемелешип сени кызыктырган суролорго жооп ала аласың жана рухий адабияттарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуң.

| Шаар | Көчө |
|---|---|
| Балыкчы | Шопокова 7 |
| Бишкек | Орозбекова 222 |
| Бишкек | Серпуховская 98 |
| Жалал-Абад | Железнодорожная141 |
| Кант | Микоян 15 |
| Кара-Балта | Ильич 100 |
| Каракол | Максим Горкий 16 |
| Майлы-Сай | Правобережная 48 |
| Нарын | Жаныл-Мырза 1 |
| Ош | Фабричная 30 |
| Талас | Манас 274 |
| Токмок | Набережная 261 |
| Чолпон-Ата | Курортная 34 |

1 Михей 7:18
2 Жакан 14:6
3 Жакан 17:3
4 Жакан 3:36
5 Марк 12:34
6 Римдиктерге 5:8
7 Жеремия 29:13
8 Матай 19:17-19
9 Римдиктерге 3:20
10 Мисирден чыгуу 20:1-17
11 Жакып 2:10
12 II Корунттуктар 7:10
13 Лука 13:3
14 Матай 10:37-39, Лука 9:57-62.
15 Лука 14:26
16 Элчилердин иштери 16:31
17 Римдиктерге 5:1
18 I Жакан 5:13
19 Эфестиктерге 1:7
20 Колостуктарга 2:6
21 Римдиктерге 8:16
22 1 Петир 2:2
23 Жакан 14:15
24 II Тиметейге 2:19
25 II Петир 3:9

АЛЬ САЛАМ басмаканасында басылган. Т.: (+996) 54-21-22